Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
24. Sayı 2018

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
24-саны 2018

# Ханафий мазхабынын фуруъ аль-фикх жана усулу аль-фикх жаатындагы негизги колдонмо адабияттары

**Айитмамат Кариев***

**Аннотация**

Мусулман коомчулугунун жашоо образын түзгөн негизги булактар, бул- Кураны Карим жана Аз. Пайгамбардын (с.а.в.) сүннөттөрү болуп саналат. Мына ушул булактарды талдоо иши, ар башка мусулман коомчулугу тарабынан, ар түрдүү тааризде ишке ашырылган. Ханафий мазхабы да мына ушул эколдордун бири. Бул мазхапка реалисттик көз караштын негизинде баа берүүчү болсок, анын башка мазхаптарга салыштырмалуу, чындыгында бир топ артыкчылыгына күбөө болобуз. Бул пикирибизди анын укуктук системага паралелдүү өсүп-өнүгүшү, дүйнө жүзүндө кеңири аймака жайылышы, көпчүлүк мусулман коомчулугун өзүнө тарапташ кылышы, жб. ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрү ырастап кетет. Мына ушундай артыкчылыка ээ болгон ханафий мазхабын таанып билүү, негизи ар бир ханафий мусулмандын милдети болуп эсептелет. Бул макалабызда ханафий мазхабынын түптөлүшүндө таасирдүү болгон факторлор, фуруъ аль-фикх жана усулу аль-фикх жаатында жазылган адабияттар өңдүү темаларды карамакчыбыз.

**Ачкыч сөздөр:** Ханафий мазхабы, усулу аль-фикх, фуруъ аль-фикх, адабият.

## The Basic Literature Of Usulu Al-Fiqkh And Furu Al-Fiqh Of The Khanafit School

**Abstract**

The essence of the moslem way of life, it's absolutly Holy Quran and Hadith. And they were analysed by different moslem people in a different way of ideologies. Khanafit school one of these different ideology schools. If we'll some realistic assessment on the Khanafit school, of course we can find it's superiority between others schools actually. We can to bring evidence to our thesis and that is it's unique law systems, and it's have been spreade in an all moslems countries, and it's attract more supporters to itself, etc. and it's others features. So every who holded in common khanafit school, he must have been some of knowledge about khanafit school. In this article we'll research some factors what been effected in

* Док. Айитмамат Кариев, Кыргыз-Түрк "Манас" Университети Теология Факультети, окутуучу, k.aytmamat@gmail.com

the khanafit schools infrastructure, and some reference books that writen in the furu al-fiqh and usulu al-fiqh of knowledge area.

**Keywords:** Khanafit school, usulu al-fiqh, furu al-fiqh, literature.

## КИРИШҮҮ

Инсандын психологиялык жактан изин сая түшүп издеген руханий азыгын, албетте бир гана ыйык Кураны Карим китеби берээри шексиз. Мына ушул ыйык Кураны Карим китеби Аз. Пайгамбар (с.а.в.) о дүйнө салгандан соң, артында калган сахабалардын кол башчылыгында, анан дагын алардын соң табиъундардын доорунда негизинен *"ахлу аль-хадис"* жана *"ахлу ар-раьй"* болуп эки башка таризде жоромолдоно баштаган. Бул эки багытта алып барылган иш-чаралар белгилүү методика жана адабияттардын негизинде жүргүзүлүүсү керек болчу. Анткени, кандайдыр бир пикирди жеткизүүдө колдонулуучу метод жана адабият болбосо, анда ал нерсени ишке ашыруу мүмкүн эмес. Ханафий мазхабында так ушул принциптин негизинде, чындыгында көптөгөн усулу аль-фикх жана фуруъ аль-фикх жазылып, бул жааттагы иш-чаралар мына ушул методология жана адабияттарга таяндырылган. Ушул эмгектердин ичинен да эң негизги колдонмо адабияттарды изилдөө, ал эмгектер тууралуу маалыматка ээ болуу, албетте ар бир ханафий мазхабын карманган мусулмандын милдети. Төмөндө ханафий мазхабынын түптөлүшү, усулу аль-фикх жана фуруъ аль-фикх жаатында калемге алынган, эң негизги эмгектерди гана изилдемекчибиз.

## 1. ХАНАФИЙ МАЗХАБЫНЫН ТҮПТӨЛҮҮСҮНДӨ ТААСИРДҮҮ БОЛГОН ФАКТОРЛОР

Ислам Укугу тарыхындагы *"ахлу аль-хадис"* жана *"ахлу ар-раьй"* деген аталыштагы эколдордун пайда болушу баарыбызга маалым. Ханафий мазхабынын түптөлүшүндө Аз. Али жана Абдуллах б. Масъуддун эмгеги чоң. Мына ушул укуктук школанын эң негизги өзгөчөлүгү *"ахлу ар-раъй"*-деп аталышында жатат. Ханафий мазхабынын түптөлүшүндө таасирдүү болгон факторлорду төмөндөгүдө тизмектөөгө болот:

### 1.1. Географиялык айырмачылык

Мустафа Ахмад Зарка *"ахлу аль-хадис"* менен *"ахлу ар-раьй"* школасынын ортосундады географиялык жактан көп деле айырма жок экендигин айтса да, чыныгы жашоодо эки эколдун ортосунда географиялык жактан көптөгөн айырмалар бар. Анткени, Арап Жарым Аралында (ошол доордо) жөнөкөй (элет жашоосу) жашоо алдыга оозуп чыкса, Иракта мурдакы Перс империясынын таасири менен күнүмдүк жашоо, фикх жаатында улам жаңыланып турган актуалдуу маселелерге дуушар кылган. Мындай жагдайлар фикх илиминин адистерин кээде шаръий хийла менен амал кылууга мажбур кылган. Ошону менен бирге Хижазда хадис базасынын көп болушу, Куфа шаарында хадис базасынын аз болушу турган чындык.[1]

### 1.2. Ахад хадистерди кабыл кылууда оор шарттарды талап кылууга түрткөн факторлор

Кураны Карим жана сүннөттүн баардык мусулмандар тарабынан аслий далил катары кабыл кылынышында эч кандай күмөн жок. Бирок, Имам Аъзам жашаган доордо пиар кылуу максатында ар ким өз мазхабынын үстөмдүгүн даңазалаган мавзу хадистерди ойлоп чыгышы, идарачылардын илимдүүлөрдүн урмат-сыйын өз ордуна койбошу, аны өзгөчө ахад хадистерге кылдат мамиile жасоого түрткөн.

Тарых барактарында Абу Ханифанын *"хадистерди инкар кылышы"* тааризиндеги сын-пикирлердин эч кандай чындык жөнү жок. Анткени, ал *"Мен, кандайдыр бир маселенин өкүмүн табууда эң оболу Курандан, анда жооп таппасам сүннөттөн жооп издеймин..."*[2] тааризиндеги сөзү жалпыга маалым. Анан дагын анын пикиринде мутаватир жана машхур хадистер менен Куран аяттарын чечмелөөгө болоору айтылып, мунун негизинде бир топ маселелер карап чыгылган.[3]

Жогорудагы факторлордун негизинде Абу Ханифа ахад хадистерди кабыл кылууда, равинин өзүнүн риваятына карама-

---

1 Зарка, Мустафа Ахмад, *аль-Мадхалу аль-Фикхий аль-Аъам*, Дамазк: Дару аль-Фикр, 1-т., 196-197-б.; Köse, Saffet, "Hiyel", DİA, c. 18, s. 171-178.

2 Хатиб аль-Багдадий, Абу Бакр Ахмад б. Али, *Тариху Багдад*, Бейрут: 1963, 13-т., 368-б.

3 Абу Захра, Мухаммед, *Абу Ханифа: Хаятуху ва Асруху ва Аьарауху*, Каир: 1947, 308-б.

каршы амал кылбоосун, ахад хадистин уъмуму балвага карама-каршы келбөөсү, анан дагын ахад халистин Ислам дининин негизги принциптери менен дал келүүсү өңдүү шарттарды талап кылган.[1]

### 1.3. Истихсан далилин көп колдонууга түркөн факторлор

Усулу аль-фикх илиминде фаръий далилдерден деп эсептелген истихсан далили, негизи ханафий мазхабынын эң негизги өзгөчөлүктөрү катары кабыл кылынат. Ханафий мазхабынан башка мазхаптар истихсанды баштапкы этаптарда сөздүк маанисинин негизинде гана карап чыгышып, мына ушундан улам ханафийлерге көптөгөн сын пикирлерди айтышкан. Бирок, ханафий мазхабында анын өзгөчө териминдик мааниге ээ экендиги баарыбызга маалым.

Анткени, истихсан өзгөчө абалдын далили күчтүү болгондугунан улам, маселедеги негизги принциптерден тышкары өкүм берүү дегенди түшүндүрөт. Фикх илиминин адиси Мехмет Эрдогандын пикиринде, Абу Ханифанын истихсанды көп колдонууга түрткөн фактолор катары, негизги принциптерди колдонуунун натыйжасында колго киргизилген өкүмдөрдө кыйынчылыктардын жаралышы, аны күчтүү далилдерге таянуу менен Ислам дининин негиздерине төп келчү абалга келтирип, машакаттарга эмес жеңилдикке орун берүү, маселени үрп-адаттын негизинде карап чыгуу өңдүү темаларды айтууга болот.[2]

Корутундулап айтчу болсок истихсан далилин колдонууга түрткөн факторлорду Ислам дининин негизги принциптери, жеңилдик принциби, үрп-адаттын өзгөрүүсү өңдүү маселелер деп айтууга болот.

### 1.4. Шуура мажлиси аркылуу өкүм чыгаруу муктаждыгы

Ханафий мазхабынын түптөлүшүндө Куфа шаарынын таасири абдан чоң. Абу Ханифа Куран жана сүннөттүн негизинде маселелерди анализдөө, аларды системалуу абалга келтирүү, маселелерди анализдөөдө окуучулары менен пикир-алышып беришүү (шуура мажлиси), калеми өткүр жана жазуу ишине жөндөмдүү окуучуларына акыркы өкүмдү жаздыруу, өңдүү маселелерге өзгөчө көңүл бурулган.

---

1 Щаъбан, Закиюддин, *Усулу аль-Фикхи аль-Исламий*, Стамбул: аль-Мактабату аль-Ханафиййа, 70-71-б.

2 Erdoğan, Mehmet, *Fıkıh İlmine Giriş*, 3. Baskı, İstanbul: DEM yayıncılık, 2013, s. 43.

Эң оболу маселени окуучулары менен талашып-тартышкан Абу Ханифа, эң акырында жыйынтыктоочу сөздү өзү сүйлөчү. Башкача айтканда өзү гана сүйлөп, маселени түшүндүрүп эле чектелбестен, окуучуларынын дагын фикхий жаатта тажырыйбага ээ болушун көздөгөн.[1]

Жадагалса Абу Ханифа бул багытта жигердүү иш алып баргандыгын ырастап, өзүнүн кээ бир окуучуларынын казылык, кээ бирлеринин муфтийлик, кээ бирлеринин мударристик мансабына татыктуу экендигин айтып кеткен.[2]

### 1.5. Куфа шаарындагы фикхий маселелердин көптүгү жана фаразий маселелердин негизинде ой жүгүртүү маселеси

Имам Абу Ханифа окуучулары менен маселелерди анализдеп жатканда, акыйкатта али реалдуу жашоодо болбогон, бирок болуп калуу ыктымалы болгон маселелерди талкууга салган. Бул убакытты текке кетирүү маанисин туюнтпастан, жаңы маселелерди чечүүдө окуучуларга тажырыйба алып келиши, мазхаптын ичинде өз ара жаңы пикирлердин пайда болушу, фикх жаатында мурдакы аалымдардын пикирин толук түшүнүүнү максат кылынышы, күнүмдүк жашоодо ишке ашуу ыктымалы болгон маселелерге даяр болуу маанисин туюнткан.[3]

## 2. ХАНАФИЙ МАЗХАБЫНДАГЫ ФУРУЪ АЛЬ-ФИКХ КИТЕПТЕРИ

Биз, бул теманын астында ханафий мазхабындагы эң негизги колдонмо адабияттарды окурманга сунууга аракет жасайбыз. Муну менен бирге бул адабияттар жөнүндөгү негизги маалыматтарды берип, алардын баары басылып чыгылгандыгынан, алардын кайсыл жерде жана качан басылгандыгы тууралуу маалыматтарга орун берилбейт. Анан дагын адабияттар менен тааныштырууда алардын хронологиялык өңүтүн негиз алмакчыбыз.

---

[1] Erdoğan, s. 40.

[2] Шалабий, Мухаммед Мустафа, *аль-Мадхал фи ат-Таърифи би аль-Фикхи аль-Исламий ва Каваиду аль-Милкиййа ва аль-Укуд фийх,* Бейрут: 1403/1983, 172-б.

[3] Bardakoğlu, Ali., “Hanefî Mezhebi”, DİA, c. 16, s. 18; Şibay, H. S.,“Ebû Hanîfe”, İA, c.4, s. 22.

### 2.1. Имам Мухаммед (Хаким аш-Шахид жана Имам Сарахсий)

Ханафий мазхабынын негиздөөчүсү-улуу жол башчы Имам Аъзам, окуучулары менен бирге фикхий маселелерди интерактивдүү тааризде карап чыккандан кийин, эң акыркы кабыл кылынган өкүмдү, мыкты деп табылган кээ бир окуучулары кагазга түшүрчү. Албетте, бул иштин негизги өзөгү Имам Мухаммед болуп саналат.

Имам Мухаммеддин түзмө-түз Имам Аъзамдан өз кулагы менен угуп жазып калган эмгектери *"Захиру ар-Риввая"*-деп аталат. Алар: *"аль-Асл"*, *"аз-Зиядат"*, *"аль-Жамиъу аль-Кабир"*, *"аль-Жамиъу ас-Сагир"*, *"ас-Сияру аль-Кабир"*, *"ас-Сияру ас-Сагир"* аттуу эмгектер болуп саналат.[1]

Хаким аш-Шахид (ө. 334) бул эмгектердеги кайталанган маселелерди чыгарып, аларды баарын өзүнүн *"аль-Кафий"* аттуу китепте корутундулап кеткен.[2] Имам Сарахсий (ө. 483) болсо ушул эле китепке 30 томдук *"аль-Мабсут"* аттуу шарх жазган.[3] Бул эмгек ханафий мазхабынын негизги өзөгү болуп, маселелерге тийиштүү далилдерди талдап чыккан, системалуу түрдө жазылган эң алгачкы жана эң көлөмдүү колдонмо адабият болуп саналат.

Имам Мухаммеддин устазы Имам Аъзамдан Имам Абу Юсуф аркылуу алып, ага өзүнүн да пикирлерин кошо жазган китептери *"Надиру ар-Риввая"*-деп аталат. Алар: *"Китабу аль-Асар"*, *"аль-Хужжа аъла Ахли аль-Мадина"*, *"аль-Хиял ва аль-Махариж"*, *"Зиядат"*, *"Харуният"*, *"Кайсаният"*, *"Журжаният"*, *"Раккият"* эмгектери болуп саналат.[4]

### 2.2. Имам Абу Юсуф (ө. )- *"Китабу аль-Хараж"*

Имам Абу Юсуф баш казылык мансабында турганда халифа Харун Рашиддин өтүнүчү менен *"Китабу аль-Хараж"* аттуу эмгек жазган. Бул китепте негизинен мамлекеттик экономика жана финанс

---

[1] Лакнавий, Мухаммед Абдулхай б. Мухаммед, *аль-Фаваиду аль-Бахиййа фи Таражими аль-Ханафиййа,* Каир: 1324, 163-б; Hayrettin Karaman, *İslam Hukuk Tarihi*, 9. Baskı, İstanbul: İz Yayıncılık, 2012, s. 202.

[2] Кураший, Абу Мухаммде Мухйиддин Абдулкадир б. Мухаммед, *аль-Жавахиру аль-Мудиййа фи Табакати аль-Ханафиййа*, Хайдарабад: 1332, 3-т, 313-б; Gözübenli, Beşir, "Hâkim eş-Şehîd", DİA, 1997, c. 15, s. 195-196.

[3] Şen, Cemalettin, *"Şemsüleimme es-Serahsî'nin el-Mebsut Adlı Eserinin Hacmi Üzerine"*, T.C. Uludağ Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi, c. 21., s.2., 2012, s. 32.

[4] Лакнавий, 163-б; Karaman, s. 202.

маселелери каралган. Ушул эле китепке Рахбий (ө. 1184/1770) *"Фикху аль-Мулук ва Мифтаху ар-Рижали аль-Мурсад алаъ Хизанати Китаби аль-Хараж"*-деген аталышта шарх жазып кеткен. Анан дагын Имам Абу Юсуфтун *"Китабу аль-Асар"* жана *"Ихтилафу Аби Ханифа ва Ибн Аби Лайла"* аттуу эмгектери[1] да, чындыгында ханафий мазхабында маанилүү орунга ээ.

**2.3. Абу Жаъфар ат-Тахавий (ө. 321)- *"аль-Мухтасар"***

Абу Жаъфар ат-Тахавийдин (ө. 321) да *"аль-Мухтасар"*[2] аттуу эмгеги бар. Бул чыгарманын өзгөчөлүгү Абу Ханифа, Абу Юсуф, Имам Мухаммеддин пикирлерин корутундулап, анан дагын өзүнүн пикирлерине да орун берүүсүндө жатат. Кыска убакытта ханафий мазхабынын негизги пикирлерин үйрөнүүдө колдонуштуу эмгек болуп саналат. Бул китепке жазылган шархтардын ичинен Жассас жана Али б. Мухаммед аль-Исбижабий шархтары маанилүү.

**2.4. Кудурий (ө. 428)- *"аль-Китаб"***

Андан соң ханафий мазхабында *"аль-Китаб"* аты менен таанылган, атактуу аалым Кудуринин (ө. 428) *"аль-Мухтасар"*[3] аттуу китеби келет. Бул китеп ханафий мазхабында аябай маанилүү орунга ээ жана атагы алыска жеткен чыгарма. Анткени, автор Имам Аъзам, Имам Абу Юсуф, Имам Мухаммед ихтилаф кылган маселелерге орун бербестен туруп, бир гана негизги маселелерди берүү менен чектелген. Мына ошондуктан ага бир топ шархтар жазылган. Алардын ичинен Абу Бакр аль-Хаддаддын *"аль-Жавхарату ан-Наййира"*, *"ас-Сиражу аль-Ваххаж"*, Абдулганий аль-Майданийдин *"аль-Лубаб фи Шархи аль-Китаб"* аттуу шархтары таанымал.

**2.5. Алаъуддин ас-Самаркандий (ө. 539/1144) жана Касаний (ө. 587/1191)**

Кудуринин *"аль-Мухтасар"* аттуу эмгегинин негизинде жазылгандыгы айтылып жүргөн, улуу аалым Алаъуддин ас-Самаркандийдин (ө. 539) *"Тухфату аль-Фукаха"*[4] аттуу чыгармасы,

---

1 Karaman, s. 201.

2 Özel, Ahmet, *Hanefî Fıkıh Âlimleri,* 3. Baskı, Ankara: Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları, 2013, s.37.

3 Ибн Кутлубога, Касим б. Абдиллах ас-Судуний, *Тажу ат-Таражим фи Табакати аль-Ханафиййа,* Башдад: Матбау аль-Ааний, 1962, 7-б.

4 Günay, Hacı Mehmet, "Semerkandî Alaeddin", DİA, 2009, c. 36, s. 470-471.

чындыгында ханафий мазхабындагы терминдердин калыптанышында маанилүү орунга ээ.

Бул китепти негиз алып Касаний (ө. 587) устазы жана кайнатасы Алаъуддин ас-Самаркандийдин жогорудагы эмгегине шарх жазган. Негизи анын "*Бадаиъу ас-Санаъий фи Тартиби аш-Шараиъ*"[1] эмгегин шарх деп айтуу кыйын. Анткени, устазынын чыгармасын негиз алганы менен андан башка өз алдынча, ханафий мазхабындагы эң эле уникалдуу жана системалуу фикх китебин жазып чыккан.

### 2.6. Бурхануддин аль-Маргинаний (ө. 593)- "*аль-Хидая*"

Ханафий мазхабынын ичинен өзгөчө Орто Азия мусулмандары тарабынан жогору бааланган, Бурхануддин аль-Маргинанийдин (ө. 593) "*аль-Хидая*" аттуу эмгеги да маанилүү орунга ээ. Негизи, бул чыгарма ушул эле автордун "*Бидаяту аль-Мубтадий*" аттуу кибенин шархи болуп саналат.

Автор, бул чыгармасын жазып жатканда, Имам Мухаммеддин "*аль-Жамиу ас-Сагир*" аттуу китеби менен Кудуринин "*аль-Мухтасар*" аттуу эмгегин негиз алган.[2] Бул чыгармага көптөгөн шархтар жана хашиялар жазылган. Алардын кээ бирлерин Жалалуддин Курланийдин "*аль-Кифая*", Акмалуддин аль-Бабартийдин "*аль-Иъная*", Бадруддин Аъйнийдин "*аль-Биная*", Ибн Хумамдын "*Фатху аль-Кадир*"- деп, атын гана атап кеткенибиз орундуу болот.

### 2.7. Мавсилий (ө. 683)- "*аль-Мухтар ли аль-Фатва*"

Мавсилийдин (ө. 683) "*аль-Мухтар ли аль-Фатва*" аттуу эмгеги Ханафий мазхабындагы фатва берилүүчү негизги китеп болуп саналат. Мына ошондуктан ханафий мазхабындагы негизги төрт китептин (аль-Мутуну аль-Муътабара) бири катары каралган. Бул китепте Абу Ханифанын пикирлери мухтасар абалда берилген. Ушул эле китепке ушул эле автор тарабынан "*аль-Ихтияр ли Таълили аль-Мухтар*" аттуу шарх жазылып, окуучуга бүдөмүк болгон маселелер

---

[1] Koca, Ferhat, "Kâsânî", DİA, 2001, c. 24, s. 531.

[2] Y. Meron, "*Marghinani: His Method and His Legacy*", Islamic Law and Society, IX/3, Leiden: 2002, s. 410-416; Köse, Murtaza, "Ferganalı Bir Hukukçu Mergınani ve Hidaye Adlı Eseri", Atatürk Üniversitesi Türkiyat Araştırmaları Enstitüsü Dergisi, sy. 17, s. 350-351. (345-363)

чечмеленип, текстеги пикирлердин далилдерине да орун берилип кеткен.[1]

**2.8. Музафаруддин Ибн ас-Саъатий (ө.694/1295)-*"Мажмаъу аль-Бахрайн"***

Ханафий мазхабынын фуруъ аль-фикх багытындагы эмгектердин дагы бирөөсү *"Мажмаъу аль-Бахрайн"*[2] эмгеги болуп саналат. Бул китепти жазууда Музафаруддин Ибн ас-Саъатий (ө. 694) Кудурийдин *"аль-Мухтасар"* аттуу эмгеги менен Абу Хафс Нажмуддин ан-Насафийдин (ө. 537/1142) *"аль-Манзума ан-Насафия"* аттуу китебин негиз алган. Бул эмгеке жазылган шархтардын ичинен Ибн Малак менен Бадруддин Аъйнийдин шархтары таанымал болгон.

**2.9. Абу аль-Баракат ан-Насафий (ө. 710)-*"Канзу ад-Дакаик"***

Ханафий мазхабындагы төрт негизги фикх китептеринин бири, бул Абу аль-Баракат ан-Насафийдин (ө. 710) *"Канзу ад-Дакаик"*[3] аттуу эмгеги болуп саналат. Мазхаптагы негизги пикирлерди камтыгандыгынан улам ага бир топ шархтар жазылып өткөн. Алардын арасында Фахруддин Уъсман б. Али аз-Зайлаъийдин (ө. 743/1343) *"Табйину аль-Хакаик"*, Бадруддин аль-Аъйнийдин *"Рамзу аль-Хакаик"*, Абулкасим ас-Самаркандийдин *"Мустахласу аль-Хакаик"*, Молдо Мискиндин *"Шарху Канзи ад-Дакаик"*, Зайнуддин Ибн Нужаймдин *"аль-Бахру ар-Раик"* аттуу шархтары кеңири тараган.

**2.10. Бурханушариъа (ө. 630)-*"Викаяту ар-Ривая"***

Орто Азия мусулмандарынын ортосунда аябай таанымал болгон чыгармалардын дагы бири, бул-Бурханушариъанын (ө. 694) *"Викаяту ар-Ривая"* аттуу эмгек болуп саналат.[4] Автор, бул чыгарманы жазып жатканда жогоруда аты аталган Маргинанийдин *"аль-Хидая"* аттуу эмгегин негиз алган. Башкача айтканда бул чыгарма аль-Хидая эмгегинин мухтасары болуп саналат.

---

1 Лакнавий, 106-107-б.

2 Кураший, 208-212-б. Бул китептин кол жазмасы тууралу кененирээк маалымат алуу үчүн кңз; Süleymaniye Kütüphanesi, Atıf Efendi Koleksiyonu Bölümü, No: 34 Atf 1028.

3 A. G. Ellis, *Catalogue of Arabic Books in the British Museum*, London: The Trustees of the British Museum, 1969, s. 8.

4 Özel, s. 119, 121-122; Bedir, Murteza, "Vikayetü'r-Rivaye", DİA, 2013, c. 43, s. 106-108.

Бул китепке арналып жазылган автордун небереси Садру аш-Шариъа ас-Санийдин (ө. 747/1346) *"Шарху аль-Викая"* аттуу шархи жана Ахизада Юсуф Афандинин *"Захирату аль-Уъкба"* аттуу хашиялары маанилүү. Жогорудагы китептин негизинде автор өзү *"ан-Нукая"* аттуу мухтасар китеп жазган. Мунун белгилүү шархи катары Мухаммед б. Хусамуддин аль-Кухистанийдин *"Жамиъу ар-Румуз"* аттуу эмгек болуп саналат.

**2.11. Шамсуддин Конавий (ө. 788/1386)-*"Дурару аль-Бихар"***

Анан дагын ханафий мазхабын башка мазхаптар менен салыштырып үйрөнүүдө маанилүү орунга ээ болгон, залкар аалым Шамсуддин Конавийдин (ө. 788/1386) *"Дурару аль-Бихар фи Мазахиби аль-Арбаъати аль-Ахяр"*[1] эмгеги да маанилүү болуп саналат. VIII кылымдарда жазылган бул чыгарманын негизги өзгөчөлүгү, Ибн ас-Саъатийдин *"Мажмау аль-Бахрайн"* аттуу чыгармасында, талкууланып жаткан маселе тууралуу Ахмад б. Ханбалдын, Имам Шафиъийдин, Имам Маликтин пикирлерине да орун берүүсүндө жатат.

**2.12. Молдо Хусрав (ө. 885)-*"Дурару аль-Хуккам"***

Жети кылым бою жаамы мусулмандардын башын бириктирип турган Осмон империясындагы укуктук иштерди карап чыгуу бир топ кыйынчылыктарды жаратпай койгон эмес. Башкача айтканда географиялык жактан ар башка аймактарда жашаган мусулмардын укуктук жактан башын бириктирүү оңойго турган эмес.

Бул багытта иш алып барган казы жана муфтийлердин колдон түшкүс китептеринин башында, улуу укукчу Молдо Хусравдин (ө. 885) *"Дурару аль-Хуккам"* аттуу эмгеги орун алат. Негизи, бул китеп ушул эле автордун *"Гурару аль-Ахкам"* китебинин шархи болуп саналат.[2] Бул багыттагы иштер мусулман коомчулугуна түздөн-түз таасирин тийгизгендигинен, ага тийиштүү аябай көп шарх жана хашиялар жазылган.

---

[1] Brockelmann, GAL, c.2, s. 97; Özcan, Tahsin, "Konevî, Şemseddin", DİA, 2002, c. 26, s. 166-167.

[2] Repp, R. C., *The Müfti of Istanbul: A Study in the Development of the Ottoman Learned Hierarcy*, London: 1986, s.154-166; Лакнавий, 184-б.

### 2.13. Ибрахим аль-Халабий (ө. 956)-*"Мултака аль-Абхур"*

Ибрахим аль-Халабийдин (ө. 956) *"Мултака аль-Абхур"*[1] аттуу китеби, чындыгында ханафий мазхабында аябай маанилүү орунга ээ. Автор, бул эмгегин жазып жатканда, алдыда аты аталуучу *"кутубу муътабара"* эмгектерин негиз алган. Башкача айтканда ханафий мазхабындагы *асахх* фатваларды жазып калтырган.

Мына ошондуктан Осмон Империясында каза жана ифта тармагында негиз алынып, кечээ жакынкы күнгө чейин медреселерде негизги колдонмо китеп катары окутулуп келген. Анын атактуу шархтары катары Шахзаденин (Дамад) (ө. 1078) *"Мажмаъу аль-Анхур"* жана Хаскафийдин (ө. 1088/1677) *"ад-Дурру аль-Мунтака"* эмгектерин айтууга болот.

### 2.14. Ибн Абидин (ө. 1252/1836)-*"Радду аль-Мухтар"*

Ханафий мазхабындагы маанилүү эмгектердин дагы бири Ибн Абидиндин (ө. 1252/1836)- *"Радду аль-Мухтар алаъ ад-Дурри аль-Мухтар Шархи Танвири аль-Абсар ва Жамиъ аль-Бихар"* аттуу эмгеги болуп эсептелет. Негизги тексти Тимурташий (ө. 1004/1596) *"Танвири аль-Абсар ва Жамиъ аль-Бихар"*-деген аталышта жазса, аны чечмелеген шарх китебин Хаскафий (ө. 1088/1677)- *"ад-Дурру аль-Мухтар"*-деген ат менен жазып кеткен. Аны да чечмелеп Ибн Абидин жогорудагы аталыш менен өзүнүн хашиясын калемге алган.[2]

Ханафий мазхабындагы жакынкы доордо фикх жаатында жазылган эң мыкты эмгектерден болуп саналат. Анткени, кээ бир фикх маселелеринин убакыттын өтүшү менен фатвалардын өзгөрүүгө дуушар болуусу өңдүү маселелерге кеңири токтолгон. Башкача айтканда бир маселе мурдакы аалымдардын пикиринде башкача каралса, алардан кийинки аалымдардын пикиринде башкача каралгандыгын окурманга ажыратып берген.

---

[1] Каххала, Умар Риза, *Муъжаму аль-Муаллифин Таражими аль-Мусаннифи аль-Кутуби аль-Арабиййати, Бейрут: Мактабату аль-Мусанна ва Дару Ихйаи ат-Тураси аль-Арабий,* 1957, 1-т., 80-б.; Özel, s. 204.

[2] Мухаммед, Аълауддин, *Куррату Уъюни аль-Ахяр,* Каир: 1321, 6-10-б.; Зирикли, 6-т, 267-б; Özel, s. 357-358;

### 2.15. Умар Насухий Билмен (ө. 1971)-*"Хукуку Исламия ва Истилахату Фикхия"*

Ханафий мазхабынын өзгөчө Осмон империясында маанилүү орунга ээ болгон, Умар Насухий Билмендин *"Хукуку Исламия ва Истилахату Фикхия"*[1] аттуу 8 томдук китеби да маанилүү. Бул китептин өзгөчөлүгү ханафий мазхабынын классикалык методун колдонуу менен жазылган, кээ бир маселелерде башка мазхаптардын пикирлерине учкай болсо да орун берилген.

Жогоруда аты аталган китептердин ичинен Кудуринин (ө. 428/1037) *"аль-Мухтасар"*, Насафинин (ө. 710/1310) *"Канзу ад-Дакаик"*, Тажу аш-Шариъанын (ө. 693/1294) *"аль-Викая"*, Мавсилийдин (ө. 683/1284) *"аль-Мухтар"* аттуу эмгектери *"аль-мутуну аль-арбаъа"* -деп аталат. Мынадай аталыштын мааниси кандайдыр бир маселеде жаңы бир мүшкүл жаралчу болсо, анда ханафий мазхабынын эң ишеничтүү адабияттары катары, эң оболу ушул төрт китепке кайрылуу шарт дегенди түшүндүрөт. Анткени, аларда имамдардын асахх жана сахих фатвалары (өкүмдөрү) орун алган.

## 3. ХАНАФИЙ МАЗХАБЫНДАГЫ УСУЛУ АЛЬ-ФИКХ КИТЕПТЕРИ

Усулу аль-фикх багытында калемге алынган адабияттарды жалпы жөнүнөн *"фукаха"*, *"мутакаллимун"*, *"мамзуж"*-деп, үч башка тайпага бөлүп кароого болот. Бул үч методдун ичинен муткаллимун методу насстардын негизинде маселелерди талдаса, фукаха методунда маселенин жашоодогу oрду каралып олтуруп акырында насстарга таяндырылат.

Ал эми мамзуж методу болсо Индустриалдык Төңкөрүштөн кийин гана пайда болуп, бул методдо негизинен жогорудагы эки методду бириктирип, изилдөөчүгө усул багытында жалпы маалымат берүүнү көздөйт.

Биз, бир гана ханафий укук школасынын методологиясы катары бааланган, жогоруда атын атап өткөн фукаха методунун

[1] Бул китеп Абдуллах Кахраман тарабынан корутундуланып, бир том абалында чакан китепсе болуп басылып чыкты. Кененирээк маалымат алуу үчүн кңз; Ömer Nasuhi Bilmen, *Fıkıh İlmi ve İslam Hukuku Terimleri Sözlüğü*, Haz. Abdullah Kahraman, İstanbul: Nizamiye Akademi, 2016, s. 9.

негизинде жазылган, ханафий мазхабынын усулу аль-фикх багытындагы негизги адабияттарына гана токтолмокчубуз.

**3.1. Кархий (ө. 340/952)-*"Усул"***

Бул аалымдын толук аты-жөнү Убайдуллах б. Хусайн б. Даллал Абу аль-Хасан аль-Багдадий аль-Кархий[1] болгон. Ханафий мазхабындагы залкар аалымдардын сабын толуптап, фикх жана усулу аль-фикх жаатында таанымал болгон. Ал, Абу Саъид аль-Бардаъийден фикх илимин, Исмаил б. Исхак жана Мухаммед б. Абдуллах аль-Хадрамийден хадис илимин, Казы Абу Хазим жб. бир топ аалымдын астында тизе бүгүп, узун убакыт бою дагы башка илимдерди үйрөнгөн. Атактуу окуучулары катары Абу Али аш-Шаший, Жассас, Абу Хамид Ахмад ат-Табарий, Абу Бакр ад-Дамаганий өңдүү аалымдардын атын атап кетүү туура болот.[2] Анын *"ар-Рисала фи Усули аль-Фикх"*, *"аль-Мухтасар"*, *"Шарху Жамиъи аль-Кабир"*, *"Шарху Жамиъи ас-Сагир"* аттуу эмгектери бар.

Бул эмгектеринин ичинен өзгөчө *"ар-Рисала фи Усули аль-Фикх"* аттуу эмгеги, ханфий укук школасында негизги усул китеби болуп саналат. Анткени, Абу Ханифа, Имам Абу Юсуф, Имам Мухаммед жб. атактуу кишилердин пикирлерин камтыган. Анын бул чыгармасынын кол жазмасы *Türkiye Cumhuriyeti, Süleymaniye Ktp., Ayasofya nr. 1355* аттуу китепкананын аты аталган бөлүмдө жогорудагы номур менен сакталууда. Кархийдин *"ар-Рисала фи Усули аль-Фикх"* чыгармасы Меккеде 1989-жылы *"аль-Аквалу аль-Усулиййа ли аль-Имам Аби аль-Хасан аль-Кархий"*-деген аталышта жарык көрүп, өз алдынча китеп абалында басылып чыгылган.[3]

**3.2. Жассас (ө. 370/980) -*"аль-Фусул фи аль-Усул"***

Бул аалымдын толук аты-жөнү негизги булактарда Абу Бакр Ахмад б. Али аль-Жассас ар-Разий деп жазылган.[4] Устаздарынын сап башында жогоруда аты аталган Кархий турат. Ал эми атактуу окуучулары катары Абу Бакр Ахмад б. Муса аль-Харазмий, Мухаммед б. Яхя аль-Журжаний, Ибн аль-Маслама, Мухаммед б. Ахмад аз-

[1] Кашфу аз-Зунун, 2-т., 1378-б.

[2] Özel, s. 40.

[3] Apaydın, H. Yunus, "Kerhî", DİA, 2002, c. 25, ss. 285-287

[4] Лакнавий, 27-б.

Заъфараний Абу Жаъфар аль-Уштуршаний аттуу аалымдарды атоого болот.

Жассас өз доорунун ахлу ар-раьй эколунун башчысы катары таанылып келген. Анын *"Ахкаму аль-Куран"*, *"Шарху Адаби аль-Казий ли аль-Хассаф"*, *"Усулу аль-Фикх"*, *"Шарху Жамиъи аль-Кабир"*, *"Шарху Мухтасари аль-Кархий"*, *"Шарху Мухтасари ат-Тахавий"* аттуу эмгектерди жазган.[1] Анын ичинен өзгөчө *"Усулу аль-Фикх"* эмгеги ханафий мазхабында эң эле эски усул китеби деп эсептелип, анна *"Ахкаму аль-Куран"* аттуу чыгармасынын мукаддимасында да, усулу аль-фикх илимине учкай токтолуп кеткен. Классикалык колдонмо китеп болгондугунан усул илиминин адистерине багыт берген. Бул китепти сын пикирге алуу менен бирге Уъжайл Жасим ан-Нашамий тарабынан Кувейтте басылып чыккан.[2]

### 3.3. Даббусий (ө. 430/1038)-*"Таквиму аль-Адилла"*

Бул кеменгер аалымдын толук аты-жөнү кээ бир булактарда Абу Зайд Абдуллах б. Мухаммед б. Умар б. Иса ад-Даббусий деп келет.[3] Анын фикх багытындагы устазы Абу Жаъфар ал-Устуршаний болуп саналат. Даббусий өзүнүн Абу аль-Уъср аль-Баздавий жана Шамсу аль-Аимма ас-Сарахсий өңдүү тең-туштары менен ханафий мазхабынын усулу аль-фикх тармагынын негиздөөчүлөрү деп эсептелет. Мына ошондуктан анын *"Таквиму аль-Адилла"* эмгеги, бул багыттагы негизги колдонмо китептерден болуп саналат. Бул китептин кээ бир кол жазмалары бар, анан дагын өзгөчө басылып чыкты.[4]

### 3.4. Баздавий (Абу аль-Уъср) (ө. 482/1089)-*"Канзу аль-Вусул фи Маърифати аль-Усул"*

Кураший жана Ибн Кутлубоганын эмгектеринде бул аалымдын толук аты Абул аль-Хасан Али б. Мухаммед б. Хусайн б. Абдулкарим Фахру аль-Ислам Абу Аль-Уъср аль-Баздавий деп айтылган.[5] Ал, а дегенде акыйда илимин Имам Матуридийден, андан

---

1 Özel, s. 44-45.

2 Güngör, Mevlüt, "Cessas", DİA, 1993, c. 7, s. 427-428.

3 Лакнавий, 109-б; Кураший, 2-т, 499-б.

4 Fahrettin Atar, *Fıkıh Usûlü*, 12-Baskı, İstanbul: Marmara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Yayınları Vakfı, 2016, s. 35; Özel, s. 49.

5 Кураший, 2-т, 594; Ибн Кутлубога, 41-б.

соң фикх илимин Шамсу аль-Аимма аль-Халванийден алган. Атактуу окуучулары катары Алауддин ас-Самаркандий, Зияд б. Иляс, Абдулмажид б. Исмаил аль-Кайсий аль-Харавийлерди атоого болот.[1] Анын эмгектери *"Канзу аль-Вусул ила Маърифати аль-Усул"*, *"Шарху аз-Зиядат"*, *"Шарху Жамиъи ас-Сагир"*, *"Мабсут фи аль-Фатава"*, *"Шарху Фикхи аль-Акбар"* болуп саналат.[2]

Бул эмгектеринин ичинен усулу аль-фикх эмгеги ханафий мазхабында аябай маанилүү орунга ээ. Анткени, ал өзүнөн мурдакы бул жаатта жазылган усулу аль-фикх китептерин баарын негиз алып, аларды системалуу абалга келтирип, анан дагы ал чыгармаларда изилденбей калган темаларды камтыгандыгы менен башкалардан өзгөчөлүү. Мына ошондуктан бул китепке Хусамуддин ас-Сигнакий тарабынан *"аль-Кафий фи Шархи Усули аль-Баздавий"*, Абдулазиз аль-Бухарий тарабынан *"Кашфу аль-Асрар аън Усули Фахри аль-Ислам аль-Баздавий"*, Кивамуддин аль-Каакий тарабынан *"Шарху Усули аль-Баздавий"*, Амир Катиб аль-Итканий тарабынан *"аш-Шамил фи Шархи Усули аль-Баздавий"*, Акмалуддин аль-Бабартий тарабынан *"ат-Такрир фи Шархи Усули аль-Баздавий"*, Молдо Хусрав *"Шарху Усули аль-Баздавий"* аттуу шархтар жазылган. Бул шархтарды да чечмелеген Сулайман б. Ахмад ас-Синдий *"Хашия аъла Усули аль-Баздавий"*, Хамидуддин Али б. Мухаммед ад-Дарир *"Хашия аъла Усули аль-Баздавий"*, Нуруддин Али б. Рамазан б. Муса аль-Бухарий *"Хашия аъла Усули аль-Баздавий"* аттуу хашиялар жазылган.[3] Албетте, булардын баары Баздавинин усулу фикх китебинин ханафий мазхабындагы оорду аябай маанилүү экендигине далалат кылат.

### 3.5. Сарахсий (ө. 483/1090)-*"Усул"*

Толук аты-жөнү Абу Бакр Мухаммед б. Аби Сахл Ахмад Шамсу аль-Аимма ас-Саарахсий.[4] Ал, фикх илимин Шамсу аль-Аимма аль-Халваний, Абу аль-Хасан Али ас-Сугдий, Абу Хафс Умар б. Мансур аль-Баззаз өңдүү аалымдардан сабак алып, бул алган илимин аманат билип, өзүнөн кийинки Бурхануддин Абдулазиз б. Умар б. Маза,

---

1 Özel, s. 57-58.

2 Özel, s. 57-58.

3 Bedir, Murteza, - Koca, Ferhat, "Ebü'l-U'sr", DİA, 2007, c. 34, s. 264-266.

4 Ибн Кутлубога, 52-б; Лакнавий, 158-б.

Махмуд б. Абдилазиз аль-Узжандий, Абу Бакр Мухаммед б. Ибрахим аль-Хасирий, жб. залкар аалымдарга өткөрүп берген.[1]

Анын эмгектери катары *"аль-Мабсут"*, *"Шарху Сияри аль-Кабир"*, *"Усулу ас-Сарахсий"*, *"ан-Нукат"*, *"Шарху Жамиъи ас-Сагир"* аттуу китептерин атоого болот.[2] Анын усулу фикх эмгеги Имам Мухаммеддин Абу Ханифадан жазып калган эмгектери кандай маанини туюнтса, Сарахсийдин усул жаатында Даббусийден алган илими да, мына ошондой эле мааниге ээ. Башкача айтканда анын бул эмгеги, ханафий мазхабынын усул жаатындагы эрежелердин толукталышы жана системалаштырылуусунда, чындыгында эң негизги булак катары колдонулушунда маанилүү орунга ээ.

### 3.6. Самаркандий (ө. 539/1144)-*"Мизану аль-Усул фи Натаижи аль-Уъкул"*

Бул аалымдын толук аты Абу Бакр Алауддин Мухаммед б. Ахмад ас-Самаркандий болуп,[3] фикх илимин Абу аль-Юср аль-Баздавийден жана Абу аль-Муъин Маймун ан-Насафийден алган. Эң атактуу окуучусу өзүнүн күйөө баласы Касаний болуп саналат.[4] Самаркандийдин *"Мизану аль-Усул фи Натаижи аль-Уъкул"* эмгеги, жогоруда аты аталган эмгектерден айырмаланып, мутакаллимин методуна жакын тааризде жазылып, Имам Матуридий менен Имам Аъзамдын пикирин бириктирип, ортоктош маселелерди негиз алуу тааризинде жазылып, Имам Матуридий менен Имам Аъзамдын пикирин биргелештирип, ортоктош маселелерди негиз алынып жазылган.[5]

### 3.7. Насафий (ө. 710/1310)-*"Манару аль-Анвар"*

Толук аты Абу аль-Баракат Хафизуддин Абдуллах б. Ахмад б. Махмуд ан-Насафий болгон бул зат, Шамсу аль-Аимма Мухаммед б. Абдисаттар аль-Кардарий, Хамидуддин ад-Дарир, Бадруддин Хахарзада Мухаммед б. Махмуд аль-Кардарий, Ахмад б. Мухаммед аль-Аттабийден фикх илимин алып, Ибн ас-Саъатий жана

---

1 Özel, s. 59.

2 Hamidullah, Muhammed, "Serahsî", DİA, 2009, c. 36, s. 544-547.

3 Кураший, 3-т, 18-б; Лакнавий, 158-б.

4 Özel, s. 70-71.

5 Günay, Hacı Mehmet, "Semerkandî", DİA, 2009, c. 36, s. 470-471.

Хусамуддин ас-Сигнакий өңдүү атактуу аалымдарды тарбиялап өстүргөн.

Насафий фикх, калам, хадис жаатында өз доорунун атактууларынан деп табылган. Анын *"Канзу ад-Дакаик"*, *"Манару аль-Анвар"*, *"Кашфу аль-Асрар"*, *"аль-Кафий"*, *"аль-Мустасфа"*, *"аль-Мусаффа"*, *"Мадарику ат-Танзил ва Хакикату ат-Таьвил"*, *"Шарху аль-Уъмда"* аттуу эмгектери бар. Алардын ичинен *"Манару аль-Анвар"* аттуу эмгеги, акыйкатта ханафий мазхабында маанилүү орунга ээ.

Бул китепке Садру аш-Шариаъ, Кивамуддин аль-Какий, Бабартий, Ибн Малак, Абдуррахман аль-Аъйний, Зайнуддин б. Нужайм, Хаскафий, Кавакибий тарабынан көптөгөн шархтар жазылган. Булардын ичинен дагын Кавакибийдин шархы ыр түрүндө жазылышы, анын ханафий мазхабында маанилүү орунга ээ экендигин кабарлайт.[1]

### 3.8. Ибн Малак (ө. 885/1418)-*"Шарху Манари аль-Анвар"*

Ханафий мазхабында атактуу аалымдардын сабынан орун алган бул зат азыркы Түркия мамлекетинин Маниса шаарында төрөлүп, көп жылдар бою медреселерде окуган, ошону менен бирге окутуучу болуп иштеп турган. Анын *"Шарху аль-Манар аль-Анвар"*, *"Шарху аль-Мажмаь"*, *"Шарху аль-Викая"*, *"Шарху Тухфати аль-Мулук"* аттуу эмгектери бар. Анын усул китеби Осмон империясындагы медреселерде колдонмо китеп катары окутулуп турган.[2]

## КОРУТУНДУ

Исламий илимдердин ичинен өчгөчө Ислам Укугу жаатында калемге алынган адабияттар аябай көп. Бул, кишинин жашоосундагы ар бир мүнөт сайын, ар башка маселелер менен жүздөшүүсүн түшүндүрөт. Мына ошол маселелерге жооп издөөдө колдонулуучу методология, бул методологиянын түптөлүп өзүнчө илим бутагы айлануу тарыхы, фикх маселелерин жөнгө салууда усулу аль-фикхтын ордy, жб. темаларды камтыган усулу аль-фикх илиминин адабияттарын атын атап, фукаха методунун негизинде жезылган сегиз эмгек жөнүндө жалпы маалымат берип өттүк. Муну менен

[1] Лакнавий, 101-102-б; Özel, s. 123; Bedir, Murteza, "Nesefî", DİA, 2006, c. 32, s. 567-568.

[2] Özel, s. 167-168; Baktır, Mustafa, "İbn Melek", DİA, 1999, c. 20, s. 175-176.

бирге фуруъ аль-фикх багытында ханафий мазхабынын эң эле белгилүү адабияттарын атын атап кеттик. Алардын бир гана атын атоо менен гана чектелишибиздин себеби, алардын ичиндеги ар бир темасы эле колуңуздагы макаладан көлөмдүү деп табылып, ал эми биздин ал эмгектер жөнүндөгү баардык маалыматтарды, мына ушул макалада тең бөлүшүүгө чамабыз жетпес.

Орто Азия элдеринин карманган мазхабы ханафий мазхабы болгондуктан, алардын ар бири ханафий мазхабынын колдонмо адабияттарын мыкты билүүгө тийиш. Аалыбыздын жетишинче калем жонтуп жазган макалабызды, кыска-нуска жана адабияттарды тандоодо аябай маанилүү орунга ээ деп ойлоп, жаамы мусулман коомчулугуна пайдалуу болот деген үмүттөбүз.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**

A. G. Ellis, *Catalogue of Arabic Books in the British Museum*, London: The Trustees of the British Museum, 1969, s. 8.

Apaydın, H. Yunus, "Kerhî", DİA, 2002, c. 25, ss. 285-287

Atar, Fahrettin, *Fıkıh Usûlü*, 12-Baskı, İstanbul: Marmara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Yayınları Vakfı, 2016.

Абу Захра, Мухаммед, *Абу Ханифа: Хаятуху ва Асруху ва Аьарауху*, Каир: 1947.

Алауддин, Мухаммед, *Куррату Уъюни аль-Ахяр,* Каир: 1321.

Багдадий, Хатиб Абу Бакр Ахмад б. Али, *Тарихy Багдад*, Бейрут: 1963.

Baktır, Mustafa, "İbn Melek", DİA, 1999, c. 20, ss. 175-176.

Bardakoğlu, Ali., "Hanefî Mezhebi", DİA, 1997, c. 16, ss. 1-21

Bedir, Murteza, "Vikayetü'r-Rivaye", DİA, 2013, c. 43, ss. 106-108; "Nesefî", DİA, 2006, c. 32, ss. 567-568.

Bilmen, Ömer Nasuhi, *Fıkıh İlmi ve İslam Hukuku Terimleri Sözlüğü*, Haz. Abdullah Kahraman, İstanbul: Nizamiye Akademi, 2016.

Зарка, Мустафа Ахмад, *аль-Мадхалу аль-Фикхий аль-Аъам*, Дамазк: Дару аль-Фикр, 1-т.

Erdoğan, Mehmet, *Fıkıh İlmine Giriş*, 3. Baskı, İstanbul: DEM yayıncılık, 2013.

Ибн Кутлубога, Касим б. Абдиллах ас-Судуний, *Тажу ат-Таражим фи Табакати аль-Ханафиййа,* Башдад: Матбау аль-Ааний, 1962.

Gözübenli, Beşir, "Hâkim eş-Şehîd", DİA, 1997, c. 15, ss. 195-196.

Günay, Hacı Mehmet, "Semerkandî Alaeddin", DİA, 2009, c. 36, ss. 470-471.

Şen,Cemalettin,*"Şemsüleimme es-Serahsî'nin el-Mebsut Adlı Eserinin Hacmi Üzerine",* T.C.Uludağ Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi,c. 21.,s.2., 2012,ss.23-41.

Güngör, Mevlüt, "Cessas", DİA, 1993, c. 7, ss. 427-428.

Hamidullah, Muhammed, "Serahsî", DİA, 2009, c. 36, ss. 544-547.

Karaman, Hayrettin, *İslam Hukuk Tarihi*, 9. Baskı, İstanbul: İz Yayıncılık, 2012.

Koca, Ferhat-Bedir, Murteza, "Ebü'l-U'sr", DİA, 2007, c. 34, ss. 264-266.

Koca, Ferhat, "Kâsânî", DİA, 2001, c. 24, ss. 531.

Köse, Murtaza, "Ferganalı Bir Hukukçu Mergınani ve Hidaye Adlı Eseri", Atatürk Üniversitesi Türkiyat Araştırmaları Enstitüsü Dergisi, sy. 17, s. 350-351. (345- 363)

Köse, Saffet, "Hiyel", DİA, c. 18, ss. 170-178.

Каххала, Умар Риза, *Муъжаму аль-Муаллифин Таражими аль-Мусаннифи аль-Кутуби аль-Арабииийати, Бейрут: Мактабату аль-Мусанна ва Дару Ихйаи ат-Тураси аль-Арабий,* 1957, 1-т.

Кураший, Абу Мухаммед Мухйиддин Абдулкадир б. Мухаммед, *аль-Жавахиру аль-Мудиййа фи Табакати аль-Ханафиййа*, Хайдарабад: 1332, 3-т.

Meron, Y., "*Marghinani: His Method and His Legacy*", Islamic Law and Society, IX/3, Leiden 2002.

Özcan, Tahsin, "Konevî, Şemseddin", DİA, 2002, c. 26, ss. 166-167.

Özel, Ahmet, *Hanefî Fıkıh Âlimleri,* 3. Baskı, Ankara: Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları, 2013.

Repp, R. C., *The Müfti of Istanbul: A Study in the Development of the Ottoman Learned Hierarcy*, London: 1986.

Лакнавий, Мухаммед Абдулхай б. Мухаммед, *аль-Фаваиду аль-Бахиййа фи Таражими аль-Ханафиййа,* Каир: 1324.

Шалабий, Мухаммед Мустафа, *аль-Мадхал фи ат-Таърифи би аль-Фикхи аль-Исламий ва Каваиду аль-Милкиййа ва аль-Укуд фийх,* Бейрут: 1403/1983.

Щаъбан, Закиюддин, *Усулу аль-Фикхи аль-Исламий*, Стамбул: аль-Мактабату аль-Ханафиййа.